## 1-секция. ЖОЖдор жана орто окуу жайларындагы инновациялык технологиялар

***Кайкыева Ү.Т.***

# *Башталгыч мектепте окутуунун активдүү формаларынын педагогикалык технологияларын колдонуу. (кыргыз тилинин мисалында)*

Азыркы мезгил мугалимден ар бир сабакка чыгармачыл менен мамиле кылуу талабын коюп жаткан учурда ошого жооп иретинде мугалим да, таасирдүү сабак өтүүсү керек. Айрыкча, башталгыч класстарда окутулуучу ар бир предмет өз деңгээлинде, окуутунун активдүү формаларын колдонуу менен өтүлсө, ал өз жыйынтыгын берет. Экинчиден, баланын жаш өзгөчөлүгү өскөн сайын бардык нерселерге калыптана баштайт.

Мектептердеги окутуунун бүтүндөй процесси жана таалим-тарбияны уюштуруу иштери педагогикалык технологиялар менен коштолот. Бул учурга чейин, бизге белгилүү болгондой, салттуу сабакта мугалим убакыттын дээрлик көпчүлүк учурунда өзү сүйлөчү, ал эми окутуунун активдүү формасында мугалимдин жаңыча ролу-модератор жана менеджер болуп эсептелет. Мугалим окучууларга билим берип, тартипке чакырып, каталарын оңдобостон, чечим кабыл алат. Бул мезгилге чейин мугалим доскада жалгыз турган демилгечи эле болбостон, модератор болгондуктан, билимди табуу стратегияларын таааныштырат, кеңеш берет, байкоо жүргүзөт. Ошондой эле менеджер катары окуучулардын окуу ишин уюштурат, алардын иш-аракетин координациялайт жана жетишкен ийгиликтерге коментарий берет, өзү да педагогикалык ишке катышат.

Ошентип, мугалимдин алдында жаңыча педагогикалык милдеттер пайда болот.

Окуучуларды кызыктыруу жана сыйлоо.

Акылы, жүрөгү жана күч - аракети менен окуу мүмкүнчүлүгүн ачуу, демек, эмгек менен эс алууну пландоо.

Предеметтер аралык байланышты сактоо, күч жана акыл эмгегин бириктирүү.

Окуучуларда кызматташууну, баарлашууну, чыгамачылыкты өнүктүрүү;

Өз алдынчалыкты, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү окуучулардын чыр-чатаксыз жүрүм-турумун өнүктүрүү;

Жетишкен ийгиликтерге жана жекече бүтүргөн ишке карата окуучулардын рефлексиясын ойготуу.

Квалификация алууга карата окуучулардын максаттуу багытталган компентециясын өнүктүрүү.

Ал эми модератор катары төмөндөгүлөрдү даярдайт жана жетекчиликке алат:

1.Сабакты салттуу эмес баштоо (сабакка карата эпиграф, видеофрагменттер, сабак тын темасына карата анаграмма ж.б.) көйгөйлүү маселелерди алып чыгуу, сабакта коюлган максатка ылайык тийиштүү кырдаалдарды түзүү.

2.Видео жана компьютердик көрсөтмө куралдарын жана заманбап интерактивдүү досканы пайдалануу;

3.Индуктивдүү жана дедиктивдүү логикалык схемаларды колдонуу;

4.Кооперативдүү жана интерактивдүү окутуу формаларын же алардын элементтерин «долборлоо ыкмалары», «акыл чабуулу», «дебаттар», «ар кандай персонаждардан маек алуу» ж.б пайдаланса болот.

Биз кайрыла турган кыргыз тили сабагында «Катасы бар аңгемелерди пайдалануу» кыйла натыйжалуу болду. Мында мугалим же окуучулар тарабынан фактологиялык катасы бар сүйлөмдөр же аңгеме түзүлөт. Мындай көнүгүүлөр ой-жүгүртүүнү,

аналитикалык жөндөмдү, көңүл бурууну жана байкагычтыкты өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

Тамгаларды таштап кеткен тексттер (Тема: Жумшак жана катткалаң үнсүздөр), сөздөрдү көп чекиттер менен белгилеген тексттер (түшүрүлүп айтылган тамгаларды текшерүү), текстти калыбына келтирүү, зарыл болгон тилкеге бөлүнгөн текст ж.б. Окуучулардын абдан терең түшүүнүсү жана жакшы эстеп калуусу үчүн окуучулар графикалык түшүнүктөрдү чагылдыруу жана ассосацияланган сөздөрдү пландоо үчүн тапшырмаларды алышат.

5. «Өзгөчөлүү элементтер» (үйрөтүүчү интелектуалдуу көнүгүүлөр, шарждар, эпигра малар) бүтүндөй класстын көңүлүн буруу, окууга умтулуу жок болгондо, кызыкпаганда, чарчаганда пайдалануу үчүн керектүү каражат болуп эсептелет.

6.Жомоктун же аңгеменин текстин даярдап, ар бир топко түрдүү багыттагы тапшырмаларды берүү, же тексттин, ырдын негизинде «Кино менин оюмда», «Стол үстүндөгү калем», «Кыялдар өлкөсүнө саякат». «Менин байлыгым», «Биздин тарых» деген көнүгүүлөр окуучулардын оозеки кебин өстүрүүдө сөз байлыгынын көп болуусуна, башка предметтер менен болгон байланышын бекемдейт.

Мугалим тапшырмаларды берүүдө, аткарууда, жыйынтыктоодо окуучулардын жекече, жупта, топто иштөөдөгү ийгиликтерине, кемчиликтерине туура баа берүүсү керек.

Окуучулардын жазуу кеби үн, тыбыштарды талдоодон башталат. Ал эми сөздү талдай билүү дидактикалык оюндардын жардамы менен сөз ыргагын сезе билүүнүн үстүндө иштөө, сөздү муунга бөлүп ырдоо аркылуу үйрөнүүгө болот.

Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүүнүн табийгый логикасына ылайык бардык дидактикалык оюндардын түрлөрүн колдонсо болот.

«Жандуу тамгалар» оюну: Балдарга тамгалар берилет, үндүү жана үнсүз тыбыштардан муун пайда болушу үчүн алар түгөйүн табышы керек.

Муундун башталышынан биринчи, экинчи жана акыркы тыбыштарды бөлүү менен сүрөттөр боюнча муундарды түзүү зарыл. Мисалы, карга, бугу тартылган сүрөттөр берилет. Балдар биринчи тыбыш (К)+(А) боюнча муун түзүшөт жана ошол муун боюнча сөз ойлоп табышат: ка-шык, ка-лак, ка-шаа ж.б. Андан соң сүрөттөрдүн ордун алмаштырып, А+К муундан эмне пайда болгонун билишет. Балдар бул муундар сөздүн башында катышкан сөздөрдү эстешет: ак-ча, ак-шак, ак-мат ж.б Кийинки тапшырма сөздүн аягындагы А+К тамгасын табуу: барак, тарак, жамак. ж.б.

Андан ары иш сөз менен жүргүзүлөт. Балдар «сөз» түшүнүгү менен таанышат. Сөздөр кыска жана узун болот. Ээ, уу бир – тыбыш эки тамгадан турган сөздөр. Сөздүн лексикалык маанисин түшүүнү үчүн, ар кандай тапшырмалар берилет: мааниси боюнча керектүү сөздү табуу: таяныч белгиси боюнча-жүндүү, сары, амалкөй (түлкү)
Жалпыланган түшүнүк: кайсы сөз ашыкча жана эмне үчүн? (жай, күз, жума). Жума- ашыкча сөз, башка сөздөр жылдын мезгилин билдирет.
Керектүү сөздөрдү кошуу: пальто, тумак, шарф… (куртка, калпак, жоолук)
Жалпы сөздүн аталышы: стол, стул, шкаф (эмерек), сыр, нан, колбаса (тамак-аш)

Ошентип, окуу процессинде дидактикалык оюндарды жана чыгармачыл тапшырмаларды колдонуу менен сабакта чыгармачыл абал түзүлөт, балдар билинбестен белгилүү бир билимге, методикага жана ыкка ээ болушат. Топтун мүмкүнчүлүгүнө жараша айрым оюндардын варианттуулугун эске алуу менен, мугалим аны татаалдантуу аркылуу сабак үчүн керектүү болгон көнүгүүлөрдү тандап алат. Мисалы, «Ким тезирээк, ким көбүрөөк?» оюну: Бул сөздүн ар бир тамгасынан башка сөздү ойлоп чыгаруу: смаын сөзүнөн - сапат, алтын, мыкты, ынтымак, насип сөзүн алабыз.

Оозеки кепти өнүктүрүү: Оозеки байланыштуу кеп - сүйлөмдүн туура грамматикасына негизделген так жана конкреттүү сөздөр аркылуу ойду ыраттуу жана логикалык жактан байланышта бере билүү. Оозеки сүйлөө бул үн чыгарып Сүйлөө, ал интонацияга, жесттерге, баса белгилөөлөргө толуп турат жана мындай интонациялык жандуулук жана образдуулук ага жазуу салыштырганда бөтөнчө мүнөз берет.

Оозеки сөздү коштогон интонацияда психологиялык ички сезим болот.Тигил же бул сөздү басымга, жаңсоолорго, баса белгилөө менен угуучуну сүйлөмдүн маанисине көңүл бурдурууга болот. Диалогдо интонациялык түзүлүш көбүрөөк кездешет. Ал сүйлөмдүн мааниси кандай интонация менен айтылгандыгына жараша болот. Ички диалог же монолог жазууга караганда башкача айтылат, ал окуучулардын кыялын жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө салым кошот.

«Менин байлыгым» көнүгүүсү аркылуу окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө болот. Бул дептерге окуучулар эмнени айткысы келгенин, эмнени жазгысы келгенин толук айта алышат.

Ошентип, «Менин байлыгым» деген көнүгүү балага оозеки аңгеме түзүү үчүн чыгармачыл таяныч болот. Оозеки аңгеме аркылуу окуучу:
1)өзүнүн тарткан сүрөтүн тааныштырууну коштойт
2)өзүнүн тарыхын айтат жана ага байланыштуу сүрөттү көрсөтөт.

Сүрөт жана окуялар менен окуучу өзүнүн дептерин жыл бою толтурат башкача айтканда «баалуу материал-байлык» чогулат,аңгемени жана сүрөттү тааныштыруудан сырткары мугалим аны жылдын аягында кошумча баалайт.
Оозеки тааныштырууда балдардын көңүлүн төмөндөгү эрежелерге буруу керек:
-Класс алдына токтоо чыгууга;
-Терең дем алып, даярданууга;
-Класстын көңүл буруусу үчүн кайрылууга;
-Өзүнүн классындагы окуучулар менен көз аркылуу байланышууга;
-Аңгемени байкоого: кайталабоого, сүйлөмдү бүтүүгө, интонациянын үстүндө иштөөгө, так жана ачык сүйлөөгө, регламентти сактоого көнүктүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч мектептин окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүн эсепке алуу кооперативдик, долбоорлоо, изилдөө ыкмалары активдүү окутуу ыкмалары катары оң баалоого арзыйт. Ошентип,активүү окутуунун дидактикалык процессинин төмөндөгүдөй учурларын эсепке алуу менен сабакты жогорку деңгээлде өтүүгө болот.

* * *

***Кыдыралиев С.-*** *т.и.д, профессор,* ***Мурзалиев К. -*** *улук окутуучу*

## *Билим берүү стандарты жана глобалдаштыруу шартындагы турмуш талабы*

Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болгондон бери 20 жылдан ашык убакыт өттү. Ушул жылдары биздин өлкөдө билим берүү негизинен Советтер Союзунан калган билим берүү стандарттары боюнча жүргүзүлдү. Бул убакта өлкөбүздө мамлекеттик менчик жеке менчикке алмашып, мамлекеттик менчиктеги мурунку элди баккан ишканалар бузулуп, коом өзгөрүп, мурунку билим берүү стандарты өзгөрүүгө дуушар болду, же аткарылбай калды /1,2,3,4,5,6/. Себеби дегенде мамлекеттик менчиктеги ишканалардын кыйрашы, жеке менчиктеги жаңы иш каналардын курулбай калышы, орто

мектептердин ЖОЖ дордун материалдык базасын, окуу системасын өзгөртүп койду. Негизинен бул өзгөрүүлөр жаман, тескери жагына жүрдү. А түгүл мамлекеттин негизин түзгөн кыргыз улуту
өнөр жайлуу улуттан кайрадан мурункусундай көчмөн улутка айланып жарандар Кыргызстанды таштап, башка өлкөлөргө кете баштады. /3,4,5/. Мындай массалык түрдө көчүп кетүү Кыргызстанда болгон эмес. Азыр биздин өлкөнүн эмгекке жарамдуу калкынын жарымынан көбү көчүп кетти деген расмий маалымат бар. Бул кичинекей өлкө үчүн өтө чоң сан. Мындай жагдай билим берүү тармагына жана өлкөнүн тагдырына сөзсүз таасирин тийгизет. Ошондуктан азыр биздин өлкө өнөр жай тарабынан КМШ мамлекеттеринин ичинен эң акыркы орунга түшүп калды. Өлкөнү өнөр жайлуу өлкөгө айландырыш өлкөнү башкарган лидердин саясатына да жараша болот /7,8/.

Азыркы учурда биздин өлкө 2012-2013 окуу - жылынан баштап Европа билим берүү стандарты боюнча бакалавр жана магистр багыттарында жогорку билимдуу адистерди даярдоого өтүп жатат. Бул кадам биздин өлкөдөн башка өлкөлөргө барып иштөөчү адистерди даярдоону күчөтөт. Себеби дегенде биздеги окуу жайларын бүтүргөн адистер менен башка өлкөлөрдөн башка окуу жайларын бүтүргөн адистердин дипломдору бирдей болуп калат. Бул жагдай глобалдаштыруу шартында Кыргызстандын эмгекке жарамдуу жарандарынын санын дагы азайтат. Өнөр жайы жок өлкөнүн мындан ары жашашышына дагы кошумча кыйынчылыктар туулат. Ошондуктан Кыргызстандын келечегин сакташ үчүн тиешелүү билим берүү стандартын иштеп чыгуу керек. Европанын билим берүү стандарты Кыргызстандын өз алдынчалыгын, камсыз кыла албайт. Себеби дегенде, алардын өнөр жай ишканалары жеке менчиктин негизинде мурда эле курулуп бүтүп, даяр продукцияларды дүйнөлүк базарга ийгиликтүү чыгарып жатат. Адистерди даярдоо бир нукта туруктуу жүрүп жатат. Алардын билим берүү стандарты кыргыз мамлекетине жана менталитетине туура келбейт. Бизде жагдай башкача. Азыркы учурда биз чет мамлекетке барып жумуш таап иштеп, өз күчүн сатып кул болгон адистерди даярдап жатабыз. Кыргыздар еврейлерге окшоп башка мамлекеттерди башкарып жаткан жери жок. Биз ушул Кыргызстанды мекендеп, өзүнө өзү жумуш таап, киреше таап, туугандарына дагы жумуш таап бере ала турган кыргыздын мырзаларын, айымдарын даярдашыбыз керек. Мындай улуттук кадрларды биз Европа стандарты боюнча даярдай албайбыз. Себеби дегенде мындай маселени чече турган бизде билим берүү стандарты жок. Азыркы биз өтө турган Европалык стандартка караганда мурунку Советтер Союзунан калган стандарт жакшы эле. Жогорку окуу жайларын жаңы бүтүргөндөр үчүн жаш адис статусу ж.б. артыкчылыктар бар эле. Бирок мектептердин жана ЖОЖдордун материалдык базалары бузулгандыгына байланыштуу, ал стандарт дагы жараксыз болуп калды. Эми азыркы учурдагы акыбалды талдап көрсөк, төмөнкүнү көрүүгө болот: бизде азыр мамлекеттик бюджеттин чыгашасын көбөйтө турган адистерди даярдоо күч алган. Атап айтсак кызмат көрсөтүүчү адистер: юридикалык, экономикалык, медициналык, педагогикалык, диндик, башкаруу, укук коргоо, коопсуздукту сактоо, информациялык, транспорттук, социалдык тартипти сактоочу, маданий жана башка бул адистер мамлекетке пайда алып келбейт, бирок мамлекетти туруктуу кармаш үчүн керектүү адистер. Илим менен техниканын жетишкендиктерин пайдаланып минералдык жана органикалык заттардан керектүү товарларды чыгаруучу, өзүнө жана мамлекетке пайда алып келүүчү адистер дээрлик даярдалбайт. Даярдалса да аларга эч ким барбайт. Аларга чортамандарга болгон мамиле жасалат. Азыркы стандарттардын кемчилдиги мына ушунда.

Кыргызстан глобалдаштыруу шартында өзүнүн рыногуна күчтүү мамлекеттердин товарларын киргизип алып, эми алардан көз каранды болуп калды. Кен байлыктарын иштеткенди айтпай эле коюп, эч болбосо күндөлүк эл керектөөчү товарларды, айыл чарба

товарларын да илим менен техниканын жетишкендиктерин пайдаланып арзан баада чыгара албай жатабыз. Мисал үчүн мык, балта, күрөк, күрүч, алма, эт, конфет, дары–дармектер ж.б. товарлар чет өлкөдөн келип жатат. Алар биздин өндүрүүчүлөрдү банкрот кылышты. Б.а глобалдаштыруу шартында биздин өлкө эл аралык атаандаштыкка жөндөмсүз экендигин көрсөтүп жатат. Ошондуктан жумушсуздук, кедейлик көбөйүүдө. Жалпы мамлекеттин жөндөмдүүлүгү андагы жашаган калктын жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Калктын жөндөмдүүлүгү анын билимине, б.а билим берүү стандартына жараша болот. Биздин окуу жайда ар бир илим боюнча сабак өткөндө ал илимдин теориялык жагын өзүнчө турмушта колдонулуучу жагын баса көрсөтүп өтүлүшү зарыл. Мисал үчүн теориялык физикага жана колдонмо физикага бөлүп окутуу максатка ылайык. Колдонмо жагын айрыкча Кыргызстандыктар түшүнүшпөйт. Эгер алар түшүнгөн болсо, анда өнөр жай боюнча Кыргызстан артта калбайт эле. Ошондой эле химия, биология, география ж.б табыгый илимдер теориялык жагын өзүнчө, колдонмо жагын өзүнчө бөлүшүп окутулушу керек. Илимдердин колдонмо жактарын билбесек таптакыр болбойт. Мамлекеттин эркиндиги анын элинин жөндөмдүлүүгүнө жараша болот. Азыркы учурда жеке менчик өндүрүш керек болуп жатат. Ошондуктан бул маселени билим бершш стандартына киргизсек максатка ылайык болот.

Келечектеги стандарт кандай болушу керек? деген суроо туулбай койбойт. Келечектеги стандарт боюнча Кыргызстанды баардык жактан көтөрө ала турган мырзаларды жана айымдарды даярдаш керек. Келечектеги муун илимдүү, билимдүү болуп, мекенди таштап кетпей, өзүнө өзү жумуш таап, киреше таап, өлкөнү көтөрө турган болушу керек. Б.а глобалдаштыруу шартында Кыргызстан өзүнүн эгемендүүлүгүн сакташ керек. Азыр өлкөнүн сырткы карызы көбөйүп эгемендүүлүгүн сакташы кыйындашууда.

Ошондуктан биз өзүнө өзү жумуш таап, өзүн өзү финансылык жактан камсыздоочу адистин моделин сунуштайбыз:

1. Мекенибиздин патриоту болуусу зарыл.
2. Ал азыркы бакалаврдын жана магистрдин билимин билип, жөндөмдүүлүктөргө ээ болушу зарыл. Б.а Европалык стандартка жооп бериш керек.
3. Кыргызстандын географиясын, кен байлыктарын, өсүмдүктөрүнүн түрлөрүн, минералдык жана органикалык заттарын жакшы билип алардан илим жана техниканын жетишкендиктерин пайдаланып дүйнөлүк рынокко чыгуучу товарларды жасоону билүүсү зарыл.
4. Информациялык технологияларды, интернетти билүүсү зарыл.
5. Товар чыгарууну уюштурууну билиши зарыл.

Азырынча ушул багытта товар чыгарган фирмалар «Максым шоро», «Актык», нефт, газ өндүрүү жана минералдык сууларды чыгаруучу, тигүүчүлөрдү, көмүр казуучуларды, цемент өндүрүүчү фирмалар туура жолдо баратышат. Бирок мындан башка Кыргызстандын минералдык жана органикалык заттары пайдаланылбай жатат б.а өнөр жай тарабынан өлкө өспөй жатат.

Сөздүн кыскасын айтканда Кыргызстанды мекендеген, жаратман эмгек кылган, өз элинин мырзаларын жана айымдарын даярдашыбыз керек.

Жыйынтык сөз жана сунуш

1. Бардык бакалавр жана магистр боюнча билим берүүчү стандартка Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн мекенди мекендөө жөндөмдүүлүгү, өзүнө өзү жумуш таап жаратман эмгектенүү жөндөмдүүлүгү деген кошумча жөндөмдүүлүктөр киргизилсин.
2. Студенттерге окутуулучу ар бир илим теориялык жана колдонмо болуп экиге бөлүнүп окутулсун. Айрыкча колдонмо бөлүмү Кыргызстанга кандай пайда алып келүүсү баса көрсөтүлсүн.

***Адабияттар***

1. *Кыдыралиев С.* Кыргызстандын билим берүү системасы жана базар экономикасы. Шоокум №10, 2008 9-11 беттер.
2. *Кыдыралиев С.* Кыргызстандын билим берүү стратегиясын иштеп чыгуу маселеси «Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана окуу куралдарынын сапаты» Симпозиумдун материалдары.
   ЫЙык Ата-Журт фонду, Бишкек-2008 стр 42-43 беттер.
3. *Кыдыралиев С.* Эгемендүүлүк, жаратылыш ресурстары жана билимдүүлүк. Жалал-Абад мамлекттик универститетинин жарчысы.
   2010 №1-2(24) 153-156 -беттер.
4. *Кыдыралиев С.* Кыргыз улутунун жана билим берүүсүнүн учурдагы көйгөйлөрү. Жалал-Абад мамлекеттик универститетинин жарчысы. 2011.№1-2.214-219-беттер.
5. *Кыдыралиев С.* Алымбек датка жана кыргыз улутунун азыркы акывалы. Ушул эле жерде-219-223-беттер.
6. *Кыдыралиев С.* Кыргызстанга товар чыгаруучу эмгектин идеялогиясы керек. Материалы пятой региональной научно-теоретический конференции. Современные проблемы науки, техники и образования. Жалал-Абад 2006.
7. *Назарбаев Н.А.* Казакстан-2030. Процветание, безопасность и улучшение жизни всех казахстанцев. Послание Президента сторону народу Казахстана.- Алматы: Рауан, 1997.- 61 ст.
8. Стратегия индустриально – инновационного развития Республики Казахстан на 2009-2015г. Указ президента Республики Казахстан от 17 мая 2003 г. №1096.